Дидактика

№9 (36) декабрь, 2024-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

## Куттуктоо!



Кадырлуу кыргыз элим! Урматтуу мекендештер!

***Сүйүктүү Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы, кызматкерлери, ардактуу кесиптештер, студент достор!***

***Мен баарыңыздарды алдыбызга жаңы максаттарды койгон аруу-тилектердин майрамы, жакшы үмүттөрдүн жарыгын чачып кирип келе жаткан 2025-жыл жаңы жылыбыз менен чын дилимден куттуктаймын!***

Узап бара жаткан жыл мамлекетибизде да ийгиликтүү жылдардан болду. Элибиздин эртеңи үчүн кам көргөн алгылыктуу иштер жасалгандыгын, билим берүү, илим изилдөө, спорт багыттарында өзгөчө колдоолор болгондугун айта кетпесек болбойт. Мындай колдоону сезген жаштарыбыз татыктуу билим алып, кайсы тармакта болбосун өлкөнүн туусун бийик желбиретип жатканын белгилегим келет. Өзгөчө Париж олимпиадасында спортчуларыбыз бар күчүн жумшап, туубузду бийик көтөрүп, элибизди-жерибизди таанытты. Алардын катарында биздин сыймыктуу бүтүрүүчүбүз Мунарбек Сейитбек уулу бар экендиги да бизди сыймыктандырат.

2024-жыл Ош мамлекеттик университети үчүн ийгиликтердин жылы болду. Окуу жайыбыздын коомдогу, эл аралык деңгээлдеги бедели көтөрүлдү. Алдыга койгон максаттарыбыз, изденүүлөр, демилгелер түшүмүн бере баштады. 2023-2026-жылдарга карата түзүлгөн университеттин стратегиялык өнүгүү программасынын алкагында алгылыктуу иштер жүрүп жатат. Ушул жылы окуу жайыбыздын 85 жылдык маарекесин белгиледик. Учурда ОшМУ Өзгөчө макамга ээ болгон университет катары билим, илим жана өндүрүштү айкалыштырып, заманбап өндүрүштүк борборлорду ачып, окутуунун дуалдык системасын ишке ашырууда.

2023-2024-окуу жылында QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде “төрт жылдызга” ээ болду. Эл аралык QS рейтингинде Азиядагы эң мыкты 984 окуу жайдын ичинен 260-орунду, Орто Азия боюнча 65 ЖОЖдун ичинен эң мыкты 13 университеттин катарына кошулдук.

“IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) - 2024” эл аралык рейтингинде экинчи орунду ээлөө менен Евразиядагы эң алдыңкы университеттердин үчтүгүнө кирдик.

Билим берүүнүн сапатын көтөрүү, студенттерибиздин билим алуусуна шарттарды түзүү жаатында бир топ окуу имараттарыбыз, клиникаларыбыз курулуп пайдаланууга берилди, курулуш иштери жүрүп жаткандары да арбын.

Учурда №12 лицейдин базасында 2 кабаттуу окуу-өндүрүштүк устаканын, Ош шаарынын эски ооруканасынын ордуна 7 кабаттуу ОшМУнун медициналык клиникасын курулуш иштери жүрүп жатат.

Ал эми «Ыйман» гимназиясынын окуу имараты жана 100 орундуу балдар бакчасы жакынкы күндөрү ачылуу алдында турат.

Алдыда 9 кабаттуу студенттик жатакана, №1, №2, №3 жатаканаларынын аймагына жабык типтеги спорт комплекси, окуу-методикалык ветеринардык лабораториясынын, №2, №3 окуу корпустардын аймагына жер астындагы автоунаа коюуучу жай жана анын үстүнө спорттук аянтчанын, 6 кабаттуу IT парктын курулушу планга киргизилди.

Окуу жайбызда болуп жаткан иштерде жана ийгиликтерде Сиздердин ар бириңиздердин эмгегиңиздер зор экендигин белгилеп кеткim келет.

Жаңырган 2025-жаңы жыл элибизге ырыскы-дөөлөттү, ынтымак-ырашкерликти, бакубат жашоону алып келсин. Жаңы жылда Жараткан ар бириңиздерге дем-күч, шыктануу, чыгармачылык эргүү, журтубузга бакубат турмуш, байгер жашоо алып келсин. Ар бириңиздердин үйүңүздөрдө кут уялап, бакыттын шаңы жаңырып, ырыскы ыроолосун!

Кудайберди КОЖОБЕКОВ,

ОшМУнун ректору, профессор

Жыл жыйынтыгы

# МЫКТЫ СТУДЕНТТЕР СЫЙЛАНДЫ












24-декабрда ОшМУнун чоң залында «Идея, аракет, натыйжа” аталышында иш-чара уюштурулуп, ага ректор Кудайберди Кожобеков, ата-энелер, окутуучулар жана студенттер катышты. Салтанатта президенттик стипендияга ээ болгон 8 студентке ОшМУнун статуеткасы тапшырылды. Андан сырткары салтка айланган «Атуулдук стипендия» 10 студентке ыйгарылып, аземде Кудайберди Кожобеков: «Бул силерге чек болбошу керек, ийгиликтериңердин башаты болуш керек»-деди. Стипендиаттарды тандоо «ОшМУнун мыкты студенти» сынагы жөнүндө жобонун негизинде жүргүзүлгөн. Ага ылайык, конкурс эки баскыч менен өткөн. Биринчиси факультеттик, ал эми экинчи этап университеттик деңгээлде болду.

«Аттуулдук стипендия» он жылдан ашуун убакыттан бери туруктуу берилүүдө. Мында бир студентке айына 100 доллардан которулат. Бул сумма жылына 1200 долларды түзөт. Стипендия ОшМУда эмгектенген илимдин доктору, профессор, меценант агай тарабынан берилет. 2012-жылдан тартып «Атуулдук стипендия» алган студенттердин саны элүү бешке жетти.

2024-2025-окуу жылында «Атуулдук стипендия» алган студенттер:

Мээрим Айтмаматова – Педагогика, искусство жана журналистика институтунун 4-курсунун студенти;

Нуржанат Токторбек кызы – Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 4-курсунун студенти;

Алтынай Раззакова – Медицина факультетинин 5-курсунун студенти;

Мээрим Кадырова – Кыргыз-Кытай факультетинин 4- курсунун студенти;

Нурбүбү Курстанбек кызы – Филология жана маданият аралык коммуникация институтутунун 4-курсунун студенти;

Жанара Ысмаилова – Педагогика, искусство жана журналистика институтунун психология бөлүмүнүн 4-курсунун студенти;

Аскар Мамадалиев – Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин 3-курсунун студенти;

Кымбатбек уулу Низами – Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин 4-курсунун студенти;

Мырзайым Эрматова – Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун 4-курсунун студенти;

Бактыярбек уулу Эржан – Тарых жана юридика институтунун социалдык экономикалык билим берүү адистигинин 4-курсунун студенти.

Иш-чарада ОшМУнун ТОП–20 студентине 10 миң сомдон берилди. Алар AVN программасында жана окуудагы эң мыкты көрсөткүчкө ээ болгондор. Мындан сырткары жыл ичинде мыкты жыйынтыктарга жеткен жаштарга да сыйлыктар ыйгарылды.

«Аттуулдук стипендия» Кыргызстандагы эң абройлуу стипендиялардын бири болуп эсептелет. Ал өз алдынча аракеттенип, коомдук иштерге активдүү катышып келген, сабактарын мыкты өздөштүргөн студенттерге тапшырылат. Мында ОшМУдан сырткары чет өлкөлөргө чыгып, илимий, билим берүү жаатында өз тажрыйбасын кеңейтип, кесиптик чеберчилигин өнүктүргөнү да каралат.

**2024-2025-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча кышкы кабыл алуу үчүн тандоо жана кабыл алуу турларынын графиги**

| | |
|---|---|
| **23, 28-**декабрь | ***Биринчи тур*** |
| 23,25-декабрь | Конкурска катышуу үчүн талапкерлерди каттоо |
| 25-декабрь саат 14:00. | Конкурска катышуу үчүн каттоону аяктоо |
| 26-декабрь, 09.00гө чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин жайгаштыруу |
| 26, 28-декабрь 16:00 чейин | ЖОЖго кабыл алууга сунушталган абитуриент өзүнүн окууга болгон каалоосун тастыктоо |
| **13, 18-**январь | ***Экинчи тур*** |
| 13, 15-январь | Конкурска катышуу үчүн талапкерлерди каттоо |
| 15-январ, 14.00 | Конкурска катышуу үчүн каттоону аяктоо |
| 16-январь саат 09.00га чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин жайгаштыруу |
| 16, 18-январь саат 16:00 чейин | ЖОЖго кабыл алууга сунушталган абитуриент өзүнүн окууга болгон каалоосун тастыктоо |
| **20, 25-**январь | ***Үчүнчү тур*** |
| 20, 22-январь | Конкурска катышуу үчүн талапкерлерди каттоо |
| 22-январь саат 14:00 | Конкурска катышуу үчүн каттоону аяктоо |
| 23-январь саат 09:00га чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин жайгаштыруу |
| 23, 25-январь саат 16:00 чейин | ЖОЖго кабыл алууга сунушталган абитуриент өзүнүн окууга болгон каалоосун тастыктоо |
| ***27 январь-1 февраль*** | ***Төртүнчү тур*** |
| 27, 29-январь | Конкурска катышуу үчүн талапкерлерди каттоо |
| 29-январь, саат 14:00 | Конкурска катышуу үчүн каттоону аяктоо |
| 30-январь саат 09:00га чейин | Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин жайгаштыруу |
| 30:январь, 1-февраль саат 16.00 чейин | ЖОЖо кабыл алууга сунушталган абитуриент өзүнүн окууга болгон каалоосун тастыктоо |

## КАДРДЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР

Ош мамлекеттик университетинин окуу иштери боюнча проректору Нурлан Омуров башка жумушка которулганына байланыштуу анын ордуна Руслан Арапбаев дайындалды. Буйрукка ректор Кудайберди Кожобеков 2-декабрда кол койду.

Руслан Арапбаев 2022-жылдан бери ОшМУнун илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору кызматын аркалап келген. Ага чейин Окуу-информациялык департаментинин директору болуп турган. 2016-2017-жылдары Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы, 2011-2013-жылдары математика жана информациялык технологиялар факультетинде декандын окуу иштери боюнча орун басары болгон. Ал физика-математика илиминин кандидаты, доцент. 30дан ашуун илимий макалалардын автору.

Ал эми Элзарбек Эшаров Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору болуп дайындалды.

Элзарбек Эшаров ОшМУнун Физика, математика жана маалыматтык технологиялар факультетин аяктаган. Эмгек жолунда ОшМУда, Томск мамлекеттик университетинде, Томск мамлекеттик архитектура-курулуш университетинде, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде, Кусейин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттеринде эмгектенген. Эшаров физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

## Кулактандыруу!

***Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин кадрлар резервине профессордук-окутуучулук кызмат орундарын ээлөө үчүн катышуучу талапкерлер!***

***Кезектеги конкурстун I этабы (предметтик тест) 2025-жылдын 8-январь күнү саат 10:00 дө ОшМУнун башкы имаратында өткөрүлөт.***

***Предметтик тесттен 70 упайдан жогору балл алгандар үчүн педагогика-психология боюнча II этаптагы сынак 2025-жылдын 10-январь күнү саат 10:00 дө өткөрүлөт.***

***ОшМУнун сайтына (oshsu.kg) кирип, кафедралар жана тесттик суроолор боюнча маалымат алсаңыздар болот.***

***Эскертүү: Арыздар 2024-жылдын 31-декабрь күнү саат 14:00 гө чейин кабыл алынат!***

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Г. Турдубаева



## ҮЧ ОКУУ-ИЛИМИЙ ЛАБОРАТОРИЯ ПАЙДАЛАНУУГА БЕРИЛДИ

Медицина факультетинин жалпы, клиникалык биохимия жана патофизиология кафедрасында үч окуу-илимий лаборатория пайдаланууга берилди. 18-декабрда ачылуу аземи болуп, ага ректор Кудайберди Кожобеков, окутуучулар жана студенттер катышты.

Лабораториялар илимий изилдөөлөрдү жасоо үчүн бардык керектүү техникалар жана шаймандар менен камсыздалган. Ага ылайык, адамдагы патологиянын себебин, морфологиялык клетканын деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү, биохимиялык-физиологиялык жараяндардын жүрүштөрүн билсе болот. Мындан сырткары ткандардагы клетканы салыштырып үйрөнүү жана денедеги суюктуктарды изилдөөгө да мүмкүнчүлүк бар.

Эми бул лабораториялардын жардамы менен студенттер, аспиранттар медицина жана биология тармагындагы изилдөөлөрдү жүргүзө алат. Муну менен илимий-изилдөө иштери жасалып, илим жана билим берүү чөйрөсү үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоого болот.

Лабораториялардын курулуш иштерине окуу жайдын ички эсебинен каражат бөлүнгөн.



## ГҮЛЗАДА ЖУМАШОВА КМШнын ЭҢ МЫКТЫ ИЗИЛДӨӨЧҮСҮ ДЕП ТАБЫЛДЫ

Тарых-юридика институтунун жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасынын доценти Гүлзада Жумашова Ал-Фараби атындагы «КМШнын эң мыкты изилдөөчүсү - 2024» деп табылды. Ал медаль, күбөлүк жана биринчи даражадагы диплом менен сыйланды.

Жумашовага наамды 20-декабрда ОшМУнун административдик кеңешинин окуу иштери боюнча проректору Руслан Арапбаев тапшырды.

Ушул жылдын март айында Казакстандын «Бобек» жалпы улуттук ассоциациясы изилдөөчүлөр арасында сынак жарыялаган. Анда илимпоздордун илимий-изилдөөлөрү, КМШнын билим берүү тармагына кошкон салымы каралган. Жыйынтыгында өзгөчө салым кошкон адистер аныкталган.

## Кимия Торогелдиева сүрөтчүлөрдүн сынагында жеңишке жетти

Кара-Кыргыз автоном облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган республикалык көргөзмө-сынакта ОшМУнун Педагогика, искусство жана журналистика институтунун улук окутуучусу Кимия Торогелдиева үчүнчү орунду алды.

Сыйлоо аземи 20-декабрда Бишкектеги Гапар Айтиев атындагы улуттук көркөм-сүрөт музейинде өттү. Торогелдиевага декоративдик-прикладдык искусство боюнча жасаган "Узак жол" эмгеги үчүн 150 миң сом тапшырылды.

Иш чараны Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен Сүрөтчүлөр союзу уюштурган. Сынакка көркөм сүрөт искусствосу, скульптура, графика, декоративдик-прикладдык искусство багыттары боюнча 232 эмгек келип түшкөн.

ОШМУ ПРЕСС



# ОшМУда ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ КОЛЛАБОРАЦИЯСЫ ИЙГИЛИКТҮҮ ИШКЕ АШУУДА

*Ош мамлекеттик университети билим, илим, өндүрүш айкалышкан, эл аралык билим берүү мейкиндигине кучак жайган окуу жай. Жыл жаңырар алдында университет QS World University Rankings рейтингинде Азиядагы эң мыкты университеттердин катарына кирди. ОшМУнун тарыхында бул эң мыкты жыйынтык деп айтсак болот.*

*Биздин редакция жаңы жыл алдында ректор Кудайберди Кожобеков менен байланышып, университеттин 5 жыл ичиндеги жетишкендиктери, алдыдагы пландары боюнча ой бөлүштүк.*

### *ОШМУ "ӨЗГӨЧӨ МАКАМ" АЛГАН ОКУУ ЖАЙ*

Ушул жылы ОшМУнун 85 жылдык даңктуу маарекесин белгилеп, эл аралык деңгээлде дүйнөдөгү бардык өнөктөш университеттердин, бизнес тармагынын, мамлекеттик органдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда бизнес форум өткөрдүк. Маарекени Ош шаарындагы чоң стадиондо чоң программадагы шоу-концерт менен жыйынтыктадык. Биз ушул маарекебиз аркылуу буга чейин жасаган иштерибизди, келечекке койгон пландарыбызды айтып, көрсөтүп коом алдында жүзүбүз жарык отчетубузду бере алдык. Учурда Ош мамлекеттик университети "Өзгөчө макамга" ээ болгон университет катары билим, илим жана өндүрүштү айкалыштырып, заманбап өндүрүштүк борборлорду ачып, окутуунун дуалдык системасын ишке ашырууда.

Өлкөдөгү 11 университеттердин катарында "Өзгөчө макам" алган окуу жай. Бул макамга ылайык билим берүү программаларынын стандарттарын түзүүдөн баштап финансылык, административдик жактан да автономия берилди. Ошону менен бирге мамлекет тарабынан дүйнөлүк QS рейтингине миңдикке кирүү талабы коюлду. Бул багытта окуу жайда "Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүүнүн модели" стратегиялык программасы бекитилип, 7 багыттуу стратегиялык приоритеттер жол картасы иштелип чыккан. 2022-жылдан тартып жалпы жамаат стратегиялык программаны колго алып, жапа тырмак киришип иштеп баштадык. Мунун жемиши түрдүү рейтингдерден алган ийгиликтер менен өлчөнүп жатты.


Өнөктөш жогорку окуу жайлар менен биргелешкен кош дипломдуу билим берүү программаларын ийгиликтүү ишке ашырып, QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде 4 жылдызга ээ болуп, "төрт жылдыздуу университеттердин" катарын толуктадык.

Ошондой эле дүйнөлүк деңгээлге чыгууга бел байлаган университетибиз эл аралык абройлуу QS рейтингинде Азиядагы эң мыкты 984 окуу жайдын ичинен 260-орунду багындырып, Борбор Азия боюнча 65 ЖОЖдун ичинен эң мыкты 13 университеттин катарына кошулдук.










"IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) - 2024" эл аралык рейтингинде экинчи орунду ээлөө менен Евразиядагы эң алдыңкы университеттердин ҮЧТҮГҮНӨ кирдик. Жалпы эмгек жамааттын биргелешкен аракети астында пайда болгон бул ийгиликтер - "Ош мамлекеттик университети 4.0 муундагы университетке айлануу жолунда ишенимдүү баратат" деп айтууга толук негиз болуп бере алат.

Окуу жайдын учурдагы артыкчылыктуу багыты - коомдун муктаждыктарына байланыштуу билим берүү, окутуу, илимий-изилдөө жана ишкердикке инвестиция салуу, ошондой эле илимий долбоорлорду коммерциялаштырууну натыйжалуу ишке ашыруу болуп саналат.

### *АЛМАШУУ ПРОГРАММАЛАРЫ ЖЕМИШИН БЕРҮҮДӨ*

ОшМУ QS рейтингинин критерийлерине ылайык, университеттин дүйнөлүк академиялык чөйрөдөгү таанымдуулугун жогорулатуу максатында эл аралык илимий, академиялык жана Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максаттарына дал келген иш-чараларга активдүү катышууда.

Бүгүнкү күндө Ош мамлекеттик университети дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү (Америка, Испания, Италия, Германия, Чехия, Польша, Кытай, Россия, Корея, Япония, Малайзия ж.б.) 325 окуу жай менен академиялык мобилдүүлүк, кош дипломдуулук билим берүү программалары, конок жана онлайн лекцияларды уюштуруу, биргелешкен эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу, илимий иштерди жүргүзүү жаатында эки тараптуу кызматташуу келишимдеринин негизинде иш алып барууда.

Акыркы 5 жылда өнөктөш окуу жайлардан ОшМУга келген студенттер, окутуучулардын саны 1000ден ашса, ОшМУнун 1000ден ашуун студенти чет өлкөгө академиялык мобилдүүлүк программасы менен чыгып келди.

Соңку эки жылда университет кыргыз маданиятын жана тилин жайылтуу максатында Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук жана А. Навои атындагы Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университеттеринде маданий, билим берүүчүлүк борбор ачууга жетишти. Ошол эле учурда аталган окуу жайлардын "Казак тили жана маданияты", "Өзбек тили жана маданияты", Москва мамлекеттик университетинин "Ломоносов" атындагы борбору ОшМУда ачылып, үзүрлүү иштеп жатат.

### *КОШ ДИПЛОМДУУ БИЛИМ БЕРҮҮ ИШКЕ АШУУДА*

2018-жылдан бери биргелешкен билим берүү жана кош дипломдуулук программаларын түзүү иш-аракеттери активдүү жүрүп, учурда 32 адистик боюнча Орусия, Казакстандын жана Кытайдын университеттери менен келишимдерге кол коюлуп, окуу пландар иштелип чыкты. Учурда 22 адистик боюнча кош дипломдуулук программалары ишке ашууда. Белгород, Томск мамлекеттик, Россия элдеринин достугу университети жана башка окуу жайларда аталган программалар боюнча 12 магистрант окуусун ийгиликтүү аяктап, кош дипломго ээ болушту.

Ал эми 2022-2023-жылдары "филологиялык билим берүү", "котормо таануу", "лингвистика" багыттары боюнча кош дипломдуулук программалар ына тапшырган 16 студент жана 2 магистрант ОшМУда 2 жана 1 жылдык окуусун ийгиликтүү аяктап, сентябрь айында Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетине жиберилди. Учурда жүздөн ашуун студент биргелешкен билим берүү жана кош дипломдуулук программалары боюнча билим алууда.

2019-2020-окуу жылдарда чет өлкөлүк студенттердин саны 6153тү түзсө, 2024-2025-окуу жылында алардын саны 10 000ден ашты. Алардын көпчүлүгү өзбекстандык, индиялык, орусиялык студенттер. АКШ, Түркия, Индия, Пакистан, Корея, Япония, Кытай жана башка 10го жакын өлкөнүн 41 жараны ОшМУда окутуучулук кызматта эмгектенетип жатат.

### *СТУДЕНТТЕРГЕ КӨРҮЛГӨН КАМКОРДУК*

Ар бир окуу жылынын жыйынтыгы менен мыкты окуган бүтүрүүчү курстун студенттеринин арасында Президенттик стипендияга талапкерлер аныкталып келет. Беш жыл аралыгында ОшМУнун алдыңкы 20 студенти Кыргыз Республикасынын Президентинин стипендиясынын ээси болушту.

Ал эми өлкөдөгү эң ири стипендиялардын бири болуп саналган ОшМУнун "Атуулдук стипендиясы" 5 жыл аралыгында 50 студентке тапшырылды. Стипендия ар жылы эң мыкты деп тандалып алынган 10 студенттин ар бирине 1200 АКШ доллары өлчөмүндө берилип келет.

"Окумуштуулар кеңешинин стипендианты" сынагынын жеңүүчү студенттерине бир жолу берилүүчү Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы беш жыл аралыгында 135 студентке ыйгарылды.

2023-2024-окуу жылында студенттер арасында стипендианын дагы бир түрү жобонун негизинде иштелип чыкты. AVN программасынын жардамы менен окуудагы эң мыкты көрсөткүчкө ээ болгон студенттер автоматтык түрдө аныкталып, "ОшМУнун топ – 20 студенти" деп аталган стипендияга ээ болот. Окуу жылынын жыйынтыгы менен 20 студентке 10 000 сомдон акчалай сыйлык жана белектер берилет.

Олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 000 000 сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлөт. Башка окуу жайлардан айырмаланып ОшМУда 1-курска кабыл алынган студенттер ОшМУнун медициналык клиникасынын акысыз кароодон өтүшөт.

### *ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА –ЗАМАНБАП ШАРТТАР*

Окуу жайда студенттерге заман талабына ылайык билим берүү жана окутуучулардын эмгектенүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратуу негизги талаптардын бири.

Акыркы 5 жылда ОшМУда жыйырмадан ашуун окуу корпустар, жатаканалар, башка курулуштар заман талабына ылайык курулуп жана оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү. ОшМУнун Индустриалдык-педагогикалык колледжинин 3 кабаттуу окуу корпусу, Медицина факультетинин эки кабаттуу "Димедиус" көп тармактуу виртуалдык клиникасы жана 2 кабаттуу морфологиялык окуу-лабораториялык корпусу, Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин 5 кабаттуу окуу имараты, "Билим" лицейинин 4 кабаттуу окуу имараты, "Ак-Буура" кампусундагы 5 кабаттуу окуу-лабораториялык корпусу, Искусство факультетине кошумча окуу имараты, Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун ветеринардык клиникасы менен окуу корпусу, Кытайдагы Jiangsu Huibo Robotics компаниясы менен биргеликте "Келечек муундун ХАБы" борбору, Финансы-юридикалык колледжинин спорт комплекси комплекси, Ысык-Көлдөгү "Үмүт" пансионаты, "Ак-Буура" кампусундагы унаа токтотуучу жай пайдаланууга берилди.

Ошондой эле окуу имараттар, жатаканалар, концерттик залдар, спорт аянтчалар оңдоп-түзөөдөн өттү. Аны менен катар борбордук китепкананын, "Келечек муундун ХАБы" борборун чатырына күндөн энергия алуучу 190 кВт өлчөмдөгү панелдер орнотулду. Өнөктөштүк каржылоонун алкагында Ош мамлекеттик университети менен Улуттук телерадиоберүү корпорациясы биргеликте түптөп жаткан телестудия пайдаланууга берилүү алдында турат.

Алдыда 9 кабаттуу студенттик жатакана, №1, №2, №3 жатаканаларынын аймагына жабык типтеги спорт комплекси, окуу-методикалык ветеринардык лабораториясынын, №2, №3 окуу корпустардын аймагына жер астындагы автоунаа коюуучу жай жана анын үстүнө спорттук аянтчанын, 6 кабаттуу IT парктын курулушу планга киргизилди.

### *ИЛИМ – ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ*

ОшМУ илимий даражалуу окутуучулардын саны боюнча эң чоң окуу жайлардын катарына кирет. Өлкө боюнча илимдин кандидаттарынын жана докторлорунун жалпы санынын 10%дан ашыгы ОшМУда эмгектенишет.

2019-жылы илимдин кандитаттарынын (+PhD) саны ***423 болсо,*** 2024-жылы ***511ге*** жетти. Ал эми доктордук даражасын коргогон илимпоздордун саны 2019-жылы ***64 болсо,*** 2024-жылы ***171ге жогорулады.***

Scopus базасында индекстелген илимий эмгектердин саны 2019-жылдан 2024-жылга чейин ***5 эсеге*** өсүп, учурда ***443 макалага*** жетти. ОшМУнун окумуштууларынын жарыкка чыккан илимий макалаларынын саны боюнча өлкөдө 4-орунда турат. ОшМУнун SCOPUSтагы илимий эмгектерине жасалган цитирлөө 2019-жылдан 2024-жылга чейин ***5 эсеге*** өстү.

Бүгүнкү күндө "Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы" журналына 12 балл берилет. Журналдын беш жылдык импакт-фактору ***0,036дан 0.175ке*** көбөйгөн. Ушул көрсөткүчтүн негизинде 2024-жылдын аягында УАКтын тизмесинде журналдын баллы жогорулайт.

***(уландысы 4-бетте)***

*(башталышы 3-бетте)*

***БИЛИМ БЕРҮҮДӨН – ӨНДҮРҮШКӨ***

4-муундагы университет өзүнүн жайгашкан аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө түз таасир этүүсү абзел. Бүгүнкү күндө окуу жайда ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ коллаборациясы ийгиликтүү ишке ашууда.

Билим берүү, илим изилдөө, өндүрүш жана коммерцияланыштыруу системасын ийгиликтүү ишке ашырып, илимий изилдөөлөрдү шаар, регион жана өлкөнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө багыттоодо. Акыркы беш жылдын ичинде ОшМУда жалпы суммасы 197 млн сомдук биргелешкен долбоорлор ишке ашырылды.

Окуу жайдын 85 жылдык маарекесин утурлай Jiangsu Huibo Robotics компаниясы менен биргеликте «Келечек муундун ХАБы» робототехника борбору ачылды. Бул Борбор Азиядагы жана Шанхай Кызматташтык Уюмунун мүчө өлкөлөрүндөгү биринчи жана жалгыз лабораториялык борбор болуп саналат. Учурда робототехника боюнча адистерди даярдоо башталды. Борбордун базасында ОшМУнун математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институту кытай университеттери менен биргеликте студенттерди мехатроника жана робототехника адистиги боюнча билим бере баштады. «Келечек муундун ХАБы» акырындап





жасалма интеллект, робототехника жана маалыматтык технологиялар боюнча борбор болот. Бул жай теория менен практиканын биригүүсүнө, мугалимдер, эксперттер, инженерлер жана бизнесмендердин жолугушуусуна, студенттер үчүн билим булагына айланат.

Ошондой эле, экологиялык тармакта "Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар" аттуу консалтинг борбору активдүү иш алып барууда. Өзгөн райондук администрациясынын жана Жалпак-Таш айыл чарба башкармалыгынын жардамы менен 300 гектар аянттагы жер көчкү аймагында «Курбу-Таш токою» деп аталган илимий-өндүрүштүк долбоор ишке ашырылууда. Бул



долбоордун алкагында 30 миңден ашык дарак отургузулду, жакын арада бетон конструкциялар жана металл торлор чыгаруучу цех ачуу, асыл тукум мал чарбачылыгы боюнча биотехнологиялык борбор куруу пландалууда.

Социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган ОшМУнун бизнес паркы да жаштарды

# ОшМУда ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ КОЛЛАБОРАЦИЯСЫ ИЙГИЛИКТҮҮ ИШКЕ АШУУДА

ишкердик көндүмдөрүнө үйрөтүүдө. Учурда жалпы суммасы 13 млн сомдон ашкан инвестициялар менен 49 стартап иштеп жатат.

Бүгүнкү күндө Евробиримдиктин "Жаш табышкер" долбоорунун алкагында Enactus уюмунун гранттык колдоосу менен айыл чарбасынын ар кандай тармактарында 1 778 000 сомдук 11 долбоор иштеп жатат.

Ош облусунун, Ош шаарынын социалдык, инфраструктуралык, экологиялык, экономикалык реалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө арналган дагы бир долбоор катары 2023-жылы ОшМУнун табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун базасында окуу-өндүрүштүк Ветеринардык клиника ачылды. Ал ветеринардык кызматтардын бардык түрлөрүн – УЗИ жана лабораториялык изилдөөлөрдү, хирургиялык операцияларды, жаныбарларды эмдөө жана малды жасалма уруктандыруу иштерин камтыйт. Ошондой эле, жаныбарлардын генетикалык фондун сактоо, эт жана сүт азыктарын жана жаныбарлар сырьесун изилдөө боюнча АКШнын 100 миң долларлык долбоору негизинде молекулярдык биотехнология илимий борбору түзүлгөн. Алдыда мал чарбачылыгы боюнча биотехнологиялык борбор ачуу – асыл тукум мал чарбачылыгы боюнча кичи станция куруу пландаштырылууда.

Абанын булганышын изилдөө багытында ОшМУ менен Жапониянын Эл аралык кызматташтык, Илим жана технология агенттиктери, "ТЕКИЗАИТЕКИШ" ЖЧКсы, Токио медициналык жана стоматологиялык университети "Спутниктик маалыматтарга жана аймактык химиялык транспорттук моделдөөнүн негизинде абанын булганышын баалоо системасын өнүктүрүү жана абанын булганышын изилдөө борборун түзүү" долбоорунда биргелешип кызматташууда.

Долбоордун алкагында абанын булганышын өлчөөчү приборлор сатып алынат. Бул техникалар Ош, Бишкек шаарларына жана башка аймактарга орнотулат. Андан соң абанын булганышына мониторинг жүргүзүп жаткан улуттук системага киргизилет. Долбоордун эсебинен ОшМУда абанын булганышын изилдөөчү жаңы илимий борбор (IRCAPS) түзүлөт. Аны Жапония тарап каржылап, керектүү каражаттар менен камсыздап берет. Борбордо булганган абанын ден соолукка зыяндуулугу изилденет. Мындан тышкары ОшМУда Дата борбор курулуп, маалыматтык база топтолот.

Таштандыдан электр энергиясын өндүрүүчү станция куруу максатында ОшМУ кытайлык Xiamen Jinming Energy Conservation Technology Co., Ltd. компаниясы менен таштандыны кайра иштетүү аркылуу электр энергиясын өндүрүүчү станция куруу боюнча долбоордун алкагында кызматташууда. Бул станция Кара-Суу районунда курулуп, аймактын экологиялык абалын жакшыртуу жана энергия менен камсыздоону жакшыртууну максат кылат. Долбоордун изилдөө иштери 2023-2024-жылдар аралыгында жүргүзүлүп, жалпы наркы 40 миллион долларды түзөт. Станциянын курулушу болжолдуу эки жарым жылга созулат жана толук кандуу ишке киргенден кийин саатына 6000 киловатт электр энергиясын өндүрүүгө жөндөмдүү болот. Бул экологиялык жактан алдыңкы долбоор катары Кара-Суу району гана эмес, Ош шаары, Өзгөн, Ноокат, Араван райондору үчүн да таштанды маселесин чечүүгө өбөлгө түзмөкчү.

***ОшМУнун МЕДИЦИНАЛЫК КЛИНИКАСЫ***

Университеттин медициналык клиникасы да билим берүү, илимий изилдөөлөр, практикалык база жана медициналык кызмат көрсөтүү сыяктуу акыркы продуктуларды коммерциялаштыруунун интеграциясын сунуштайт. Клиника ачылгандан тарта амбулатордук-диагностикалык бөлүм, терапия, стоматология, реанимация, хирургия, жүрөк-кан тамыр хирургиясы жана ички органдарды трансплантациялоо бөлүмдөрү ачылып, кызмат көрсөтүүдө. Учурда операциялардын бардык түрү жасалууда.

«Ден соолук кербени» долбоорунун алкагында ай сайын клиниканын дарыгерлери жана дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борборунун ординаторлору миңге жакын айыл жергесинин жашоочуларын медициналык кароодон акысыз өткөрүп турушат.

Президенттин Жарлыгынын негизинде Ош шаарындагы оорукананын эски имаратынын ордуна ОшМУнун жаңы 7 кабаттуу заманбап медициналык клиника курулуп жатат. Медициналык клиниканын аянты 20 000 чарчы



метрди түзөт. Жалпысынан 312 орундукка ылайыкташып, лаборатория, күндүзгү стационар каралган. Клиникада 4 операциялык бөлүм, 300 орундуу лекциялык зал, 12 окуу кааналары жайгашат.

Клиниканын ачылышы студенттерди окутуп жогорку квалификациялуу врачтарды даярдоо менен түштүктөгү боор, бөйрөк оорусунан жабыркаган бейтаптарга заманбап медицина кызматын көрсөтүүгө ылайыкташтырууда. Учурда курулуш иштерини дээрлик тең жарымынан көбү аяктады. 2025-жылдын аягында пайдаланууга берүү пландалууда.

***МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ИНФРАСТРУКТУРА***

Университетте бардык кыймыл-аракеттер толук түрдө электрондук форматта ишке ашырылууда. Абитуриент окуу жайга тапшыргандан тартып, колуна диплом алганга чейинки процесс санариптештирилген.

Университеттин административдик-чарбалык башкаруу, уюштуруу процесстери, билим берүү жана илимий ишмердүүлүк, маалыматтык коштоо, коммуникация тармактарындагы университеттин процесстеринин көпчүлүк бөлүгүн камтыган маалыматтык тутумдар, сервистер түзүлгөн жана ишке киргизилген.

Университет мындай санариптик платформаларды онлайн кабыл алуу, электрондук журнал, электрондук китепкана, электрондук окуу программасы жана силлабус, электрондук архив, электрондук табель, электрондук оорукана, онлайн-шайлоо системасы, "ОшМУ абитуриент", "ОшМУ окутуучу", "ОшМУ студент" тиркемелер жана 40тан ашуун универсиеттин институт, факультет, колледж, мектеп-гимназияларынын, структуралык түзүмдөрдүн сайты иштелип чыкты.

Бул программалар университеттин программисттери тарабынан түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматынын жана инновацияларынын сертификациялоодон өткөн.

Өзгөчө макамдын алкагында окуу жайда "Окуу процессин уюштуруу" жөнүндө бир катар Жоболор иштелип чыгып, бекитилди. 2024-2025-окуу жылынан тартып агымдык мамиле менен кредиттик технологиянын принциптерине ылайык уюштурула баштады. Студенттин окуусу анын семестрге катталуусу, окуу дисциплиналарга жазылуусу менен тандаган жекече окуу планына ылайык жүргүзүлүүдө.

Окуу процессинин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү академиялык эркиндиктин принциптерине жана окутуунун кредиттик технологияларына негизделип MyEDU окуу процессин башкаруу платформасы иштелип чыкты. Аталган платформанын жардамында студент семестрге катталуу, каалаган дисциплиналарга жазылуу, окуу убактысын пландаштыруу аркылуу жекече окуу траекториясын аныктай алат. Автоматташтырылган электрондук журналдар мугалимдерге студенттердин жетишкендиктерин так жана ыраатуу көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Бул система студенттердин сабактарга катышуусун, тапшырмаларын жана экзамен жыйынтыктарын сактоону автоматташтырат.

Ош мамлекеттик университинин жалпы платформалары 2026-жылга чейин «Электрондук кампус» тутумуна биригип, маалыматтардын автоматташтырылган корпоротивдик экосистемасы түзүлөт.

Биздин алдыбызга койгон негизги максатыбыз – дүйнөлүк рейтингдеги университеттердин тобуна кирүү жана өлкөнүн билим берүү, илим изилдөө жаатында өнүгүүсүнө салым кошуу болуп саналат. Учурда бул аракеттерибизге күн сайын жакындап баратабыз. Ал үчүн жалпы жамаат менен бир жеңден кол, бир жакажан баш болуп иштөөнү уланта беребиз!

***ОШМУ – БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН ЭШИГИН АЧ!***

Даярдаган: Зинагүл НУРАЛИЕВА

Жаш окмуштуу Жайнагүл Абдирасулова:

# “ТИЛДИ ЭМЕС МЕДИЦИНАНЫ ТАНДАГАМ”

***ОшМУнун аброюн артырган жаш окмуштуулардын бири Жайнагүл Абдирасулова. Ал учурда 31 жашта медицина илимдеринин кандидаты. Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык медициналык факультетинин эл аралык байланыштар боюнча декандын орун басары. Жаш окмуштуу Билим берүү министрлиги тарабынан 2024-жылдын мыкты жаш окмуштуусу деген наамды алды. Жайнагүлдүн жарык маанайы, ар дайым өзүнө ишенүмдүү сүйлөгөнү ийгилигинин бир сыры болсо керек. Биз жаш окмуштууну кепке тартык.***






### БАЛАЛЫГЫМДА БОШ УБАКТЫМ БОЛБОДУ

Менин балалыгым Ош шаарында өттү. Атам подполковник Раев Абдирасул ички иштер кызматында иштейт болчу. Апам медицина кызматкери. Үч бир туугандарбыз. Жаштайыбыздан атам бизди бош койбоду. Жогоруда айткандай атам милиция кызматкери болгондугу үчүн темирдей тартип, ошону менен чексиз сүйүү, камкордук менен апам экөө чоңойтушту. Сабактан сырткары музыкалык мектепте, спорттук ийримдерде, тил курстарында окудук. Бош убактым дээрлик болбоду. Ошонун жыйынтыгында мен англис тилинде эркин сүйлөп, жаза алам. 17 жашымда гранттын негизинде Америкага барып бир жыл окуп келдим. Мен балалыгымдан эле өзүмдү дарыгер катары элестетчүүмүн. Бул менин так даана максатым болчу. Тил тармагын деле алып кетсем болмок. Бирок, адамдарга жардам берүү негизги максатым эле. Атам тилекке каршы 9-классымда оорудан улам каза болуп калды. Апам жалгыз үчөөбүздүн билим алуубузга, максаттарыбызга жеткирүүгө жан үрөп, бар мүмкүнчүлүгүн жумшады. Ата энем бизди турмушка даярдап, илим-билимге суугарып койгон экен өз жолубузду буйдалбастан таап кеттик.



### МАКСАТТАРГА КАРАЙ ИШЕНИМДҮҮ КАДАМДАРЫМ

Мектепти аяктагандан кийин ОшМУнун медицина факултетине тапшырып, дарылоо иши адистигин артыкчылык диплому менен аяктадым. 2019-жылы акушердик жана гинекология боюнча ординатураны бүтүрдүм. Студенттик учурумда да талбай изденүү менен өттү. Тез жардам кызматында иштеген мезгилде аялдар көп жабыркаган ооруларды тактап чыктым. Бул мага абдан чоң тажрыйба болду. Себеби, аялдар көбүнчө жыныстык ооруларды же өзүндөгү өзгөрүүлөрдү оорусу күчөп кеткенде же кокустан каттуу ооруп калганда кайрылышат экен. Дарты дабалаганган көрө алдын алган жакшы экенин эске албайт экенбиз. Ошондой эле медицина илиминдеги жаңы ачылыштар, жаңылануулар айрыкча аялдардын, балдардын оорулары мага тынчтык бербеди. Ошондуктан, ушул багытка карай талпына бердим.




### ИЛИМ ЖОЛУНДАГЫ ЭМГЕКТЕРИМ

Кээде илим аялдар үчүн эмес деген сөздөрдү угуп таң калчуумун. Себеби, мен жан дүйнөмдө коомдун ден соолугу аял деп түшүнчүмүн. Адамды жарык дүйнөгө алып келүү процесси толук кандуу аялдарга байлангандыктан, аялзаты ар тараптуу камкордукка муктаж деп билчүүмүн. Андагы орчундуу маселелердин чечими мени өзүнө тартып, илимге баш отум менен киргизди. Квалификациямды жогорулаттуу максатта Австрияга жана Америкага барып окуулардан өтүп, изилдөөлөрдү жүргүзүүгө катыштым.

Алардын жыйынтыгында 22ден ашуун илимий эмгектерим РИНЦ, НАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus жана башка эл аралык маалымат базаларына жарыяладым. Мында мага эл аралык деңгээлдеги медицина тармагындагы кесиптештерим чоң жардам беришти.




### ОШМУ МАГА ЧОҢ МҮМКҮНЧҮЛҮК ЖАРАТТЫ

Быйылкы жылы «Коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо» шифри боюнча медицина илимдеринин кандидаты даражасын ийгиликтүү коргодум. Бул менин жашоомдогу чоң максаттарымдын бири болчу. Ошондой эле ОшМУнун ички гранттарынын негизинде бир долбоорум ишке ашып, балдардын саламаттыгы боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп жатам. Андан сырткары конференциялардагы активдүүлүм, долбоорлорду ишке ашыруудагы салымым жана кесиптик жетишкендиктерим жогору бааланып, илимий ишмердүүлүгүм үчүн Билим берүү жана илим министрлигинин «2024-жылдын мыкты жаш окумуштуусу» сыйлыгына татыктуу болдум. Бул мага абдан чоң дем берди. Дагы “ОшМУнун заманбап окутуучусу 2024” конкурсунда экинчи оорунду алдым. Бул ар тараптуу заманбап окутуучусу болуу чоң эмгекти жана изденүүнү талап кылат экен. Тажрыйбасы мол мугалимдер арасынан ушул оорунга жеткеним мага жоопкерчиликти жүктөдү. Жалпы агайларымдын, кесиптештеримдин, окуу жайыбыздын жетекчилиги тарабынан көрүлгөн камкордуктары мени ушул бийиктикке жеткирди. Бул үчүн баарына ыраазымын.

### АЛДЫДАГЫ МАКСАТТАРЫМ АЯЛДАРДЫН ДЕН СООЛУГУНА КАМ КӨРҮҮ

Мен балдардын кемтик төрөлүшүнүн себептери жана аялдардын ден соолугу багытында бир топ иштерди пландап койгом. Биздин окуу жайыбыз ар тараптуу колдоп жаткандыктан, калктын саламаттыгы, ар кандай дарттардын алдын алуу боюнча туура маалымат жеткирип, аялдарды жакшы көндүмдөргө жеткирсем деген ойлорум бар. Жана ар дайыма бул ишти аткарууда чарчабайм.

### КОМУЗ МЕНЕН ВОЛЕЙБОЛ ЖАКЫН ДОСТОРУМ

Менин бош убактым көп деле болбойт. Кээде гана волейбол ойноп же комуз чертип эс алам. Бул менин жаштыгымдан тапкан жакын досторум десем болот. Жолдошум да медицина кызматкери мени абдан жакшы түшүнүп, колдоп турат. Биз 3 уулду тарбиялап жатабыз. Жашоодо ар бир адамдын өкүтү болот эмеспи. Азыр менин ийгиликтеримди атам көргөндө маңдайы жарыла кубанып, мактанмак. Бирок, арабызда жок...

Мен учурдан пайдаланып, жалпы ОшМУнун жамаатын келе жаткан 2025-жаңы жылы менен чын жүрөктөн куттуктап, ар бир үйдө дени сак балдардын күлкүсү жаңырып, жакшылыктар жыл бою коштоп жүрүүсүн каалайм. Быйылкы ийгиликтер 2025-жылы да уланып, окуу жайыбыз дүйнөлүк рейтингде бааланcын!

Даярдаган Каныкей ЖОРОЕВА



# Гамбург шаарына саякат жана өзгөчөлүктөр

*Эл арасында гамбургер тамагынын аталышы Германиянын чоңдугу боюнча Берлинден кийин турган Гамбург шаарынын урматына коюлган деген кенен пикир жашайт. Дал ушул шаарда алгачкылардан болуп, этти кууруганга чейин уруп жумшартып майдалоо ыкмасын колдонушкандыгын айтышат. Германиялыктарга бул идея кайдан келгендигин эч ким так билбейт, көбүрөөк таркаган версияга таянсак, бир немец саякатчысы XVIII кылымда Азияга келип, көчмөн элдер сом этти ээрдин астына салганын, аттын термелип жүрүшү менен эт эзилип, майдаланып, татуу жана даярдоого жеңил болуп калгандыгын көргөн. Кийинчерээк Гамбург шаарына келип, өзүнүн менчик ресторанын ачып, уруп жумшартылган эттен тамак жасап, ал тамак чоң популярдуулукка жетишкен. Википедияда бул сөздүн келип чыгуу тарыхы так эместиги белгиленет. Бирок hat "чочконун сүрсүтүлгөн сан эти" burger "котлета" деген эки англисче сөздөн келип чыккан деген дагы ойлор бар.*

Жакында эле Эразмус+ программасынын "Green and Digital Universities for Sustainable Development in Kyrgyzstan (Кыргызстандагы туруктуу өнүгүүгө карата жашыл жана санарип университеттер)" долбоорунун алкагында Германиянын Гамбург прикладдык илимдер университетинде өткөн семинарга кесиптештерим, доценттер А.О. Абдувалиев, А.М. Абдыкааровдор менен катышып, 1 жума жүрүп келдик. Бул менин Германияга болгон алгачкы сапарым болчу.


Аэропорттон түшкөндө эле жомоктогудай дүйнөгө туш келдик. Көчөлөр таптаза, чаң, таштанды жок. Үйлөрдүн чатырлары бийик (менимче бул жакка кышында кар көп жаап, ал туруп калбашын эске алышса керек), негизинен окшош боз жана кызыл түстө. Таң калыштуусу ар бир көп кабаттуу үйдүн чатыры жабылган. Көчөдө жол тыгыны жок, топтолуп алып бака-шака болуп отурган, бош сансып жүргөн адамдарды көрбөйсүң. Тескерисинче кулакчын тагып алып жол жээгинде чуркап жүргөндөр, дени сак жашоо образын кармангандар көп экен. Климаты мээлүүн, күн ала булут болуп, жамгыр тез тез жаап тураарын айтышты.

Гамбург шаары Эльба дарыясы Түндүк деңизге куйган жерде жайгашып, токой менен курчалыптыр, так ортосунда көлү бар экен. Бир да тоо жок, дөңсөө жерлерди, адырларды да учуратпадык, жада калса алыстан да тоолор көрүнбөйт. Порт шаарда, деңиз аркылуу соода жүргүзүлүп, экономикасы бир топ алга жылгандыгы байкалат. Бардык мөмө-жемиштер экспорттолуп келерин айтышты. Алардын арасында жүзүм менен банан арзан экендигине күбө болдук. Ал эми салыштырмалуу дагы бир арзан нерсе сыра (болгону 95 цент), бирок вино, арак, вискилер кымбат (10 евродон башталат). Тамак-аш бизге салыштырмалуу кымбат. Тез тамактануучу жайга кирип, ысык чай таба албадык, 3 гамбургерди, бир куту картошка-фри, 1 даана 0,5 пепси менен алып, 55 евро төлөдүк.

Шаарда велосипед минүү, самокат тебүү популярдуу экен. Алар үчүн тратуарда кызыл түстөгү өзүнчө жолдо адамдар басышпаганын байкадык. Транспорттун бул майда түрүнүн ар биринин фарасы бар. Велосипеддерди автоунааларга жүктөп алышып саякатка дагы өздөрү менен кошо ала барышат. Шаарда күндөн жана шамалдан электр энергиясын өндүрүп алуу мыкты жолго коюлуптур. Шамал тегермендеринин айланып турган чоң паралары алыстан эле көзгө урунат. Электромобилдер басымдуулук кыла баштаптыр, айрыкча эки кишилик чакан формада чыккан электромобилдер көчөнү ээлей баштаптыр. Мунун баары жашыл экономиканы колдогондук жана экологияга кам көргөндүк деп түшүндүк.

Жарандардын басымдуу бөлүгү өздөрү чыгарган автоунааларды (Mercedes-Benz, Volkswagen, BMW, Audi ж.б.) минишет. Бул ата мекендик өндүрүштүү колдоо максатын көздөсө керек. Бензиндин 95, 98 сорттору гана сатылат экен. 1 литри 2 жарым евро дешти.





Автобустарда, поездерде, соода борборлорунда, университетте, аэропортто деги эле бардык коомдук жайларда сапаттуу акысыз WI-FI кызматы иштейт. Андыктан интернет боюнча эч кандай маселе жаралбады. Ар дайым байланышта болуп турдук. Терминалдан бир гана жолу билет алуу менен бир күн бою бардык коомдук транспорттун түрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар экен. Элдер меймандос, сылык жана тартиптүү. Эмне сурасаң да чын дилден жардам берүүгө шашылат. Айрыкча, чет өлкөлүктөрдүн көңүлүн калтырбоого аракет кылышкандай туюлду мага.

Бизди таң калтырганы, көп кабаттуу үйлөрдүн биринчи кабатынын балкондору, терезелери тор менен тосулуп, жабылбагандыгы болду. Ачык бойдон эле жатат. Кирем деген адам ашып түшүп, бир тээп эле кирип барат. Демек, бул жерде үйгө ууру келип, тоноп кетет, бомждар кирип алат деген кооптонуу жок. Почта кызматы күчүндө экен, эрте менен үйлөрдүн эшигинин түбүнө бир рулон гезит-журналды таштап кете тургандыгын көрдүк.

Негизинен немец туугандарга ыраазы болуп, "балли" деп келдик.

***Эми Германияга баруучулардын кулагына күмүш сырга:***

1. Евросоюздан тышкаркы өлкөлөрдөн сүт жана эт азыктарын алып келүүгө катуу тыюу салынат.

2. "MAPS.ME", "Airbnb" тиркемелерин телефонго көчүрүп, орнотуп алуу. Багытты аныктоого, поездердин, автобустардын маршрутун билүү үчүн чоң жардам берет.

3. Мейманканаларга караганда жеке батирлер арзан түшөт. Биз жер үйдөгү 3 бөлмөлүү батирге дагы 3 күн кондук. Үй ээси абдан мыкты жигит болуп чыкты. Супермаркеттерге машинасы менен алып барып келип жүрдү, тамак-ашка керектүү айрым азыктарынан бөлүштү, кайтышыбызда аэропортко таштап койду.

4. Доллар менен эмес евро менен келген жакшы, акча алмаштыруучу жайларды кенен учурата албадык. Виза карата иштейт, аны менен бардык жерде оңой жана ыңгайлуу төлөм жүргүзүүгө болот.

5. Саякатты майрам күндөрүнө, фестивалдарга туштап келбей эле койгон жакшы, антkeни көпчүлүк мейманканаларда орундар толуп, номерлердин наркы көтөрүлүп кетет.

6. "Booking.com" сайты мейманкана брондоого эң ыңгайлуу жана ишеничтүү.

7. Белек ала келген оң, кичинекей бир буюм менен чоң адамдын көңүл алуу ажеп эмес экен.

8. Жылуу сырткы кийим менен келген жакшы (жамынчыңды ала жүр дейт кыргызда).

9. Данке (danke) "рахмат" сөзүн унутпай, көп колдонуңуз.

**СЕМЕТЕЙ АМИРАЛИЕВ,** ОшМУнун эл аралык тилдер борборунун директору, филология илимдеринин кандидаты, доцент.

# Совет бийлигине кызмат кылган Алымбек Датканын урпактары

(Башталышы гезиттин мурдагы санында)



*3-сүрөт. Жаныбек казынын отряды (совет өкмөтүнө өткөн учуру). Биринчи катарда солдон 2-Кадырбек Камчыбеков – Гүлчөдө түзүлгөн элдик милиция отрядынын командири, 3- Абдулла Ярмухамедов – Түркстан АССРин ОГПУнун башчысынын орун басары, 4-Жусуп миңбашы (Кыргыз эл акыны жана КР Баатыры Сооронбай Жусуевдин атасы), 5-Мати миңбашы.*

Ошол күндөрдүн биринде Абдыкадыр Орозбеков менен Кадырбек Камчыбек уулу Алайдагы айтылуу Ади паңсатты колго түшүргөндө Ади паңсат:

Тууганың душман болгон соң,

амалыңдын кеткени

ажалыңдын жеткени, деп айтканын Парпи корбашы эскерет (7, 63)

Алымбек датканын эки небереси тең 1930-жылга чейин Алай, Алайку, Өзгөн аймактарында басмачылар кыймылын улам жаңы топторун талкалоого жигердүү катышкан. 1931-жылы 22-февралда СССРдин Революциялык Аскердик Кеңешинин №104 буйругуна ылайык Кадырбек Камчыбек уулу басмачылар менен согуштагы эрдиги үчүн Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Айтмакчы Жамшитбек Карабек уулу орус-тузем мектебин аяктагандан соң, Казан университетин бүтүрүп келген деген жоромол бар. Албетте бул жоромолду жакынкы болочокто кошумча даректүү маалыматтар менен тастыктоо зарыл. Жамшитбек Карабек уулу 1902-жылы 15-мартта Мады айылында жайгашкан орус-тузем мектебине окутуучу болуп келген [8, 29-30 бб]. Айтылу француз чыгыш таануучусу жана саякатчысы Поль Пеллио мырзанын жол күндөлүгү жана Шарль Нуэттин сүрөттөрү камтылган китептеги, [9, 75 б] бир сүрөт өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Бул сүрөттө ортодогу жигит Алымбек датканын урпагы Асанбектин уулу Мамадалибек экен (4-сүрөттө), деген жоромол айтылууда. Бул жоромолду колдоочулар “Пеллио мырзанын жол күндөлүгүндөгү маалыматка таянып аныктадык” деген тыянагын шардана кылышты.




*4-сүрөт. Курманжан датка менен К.Г. Маннергеймдин ортосунда отурган Жамшитбек Карабеков, 1906-жыл.*


Арийне, пикирибизде бул жоромол чындыка төп эмес. Биз 1906-жылкы сүрөттөгү П.Пеллио, К.Г. Моннергейм жана Курманжан датка болуп чогуу түшкөн бул жигит Жамшитбек Карабек уулу деп санайбыз. Анткени ошол учурда Жамшитбек Курманжан датканын неберелеринин ичинен өзгөчө билимдүү, европа маданиятын өзүнө сиңирген инсан болгон. Жамшидбек орус тилин мыкты билген тилмеч катары Курманжан Датканын европалык, оруссиялык өкүлдөр менен расмий жолугушууларында дайыма жанында болгондугун (4-сүрөт), бир топ тарыхый булактар айгинелеп турат. Жамшитбек Карабек уулу Совет бийлиги орной элек кезде Ош үйөзүнүн билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап, үйөз боюнча жаңы орус тузем мектептеринин ачылышына салым кошкон жана реформачы мусулман агартуучулардын жадиддик (жаңы усулдук) билим берүүнүн жаңы системасын жайылтууда зор эмгек жасаган. Демек, жаш болсо да Жамшидбек Фергана өрөөнү боюнча саясий чөйрөдө кадыр барктуу, билимдүү инсан болгон.

Жамшитбек Карабек уулу Оруссияда падышалык режим кулатылгандан кийинки саясий кырдаалга байланыштуу 1917-жылы 28-ноябрда Кокон шаарында өткөн жалпы мусулмандардын чукул чакырылган IV-курултайына да делегат болуп катышкан. Ал Мустафа Шокай жетектеген Түркстан автономиясынын большвиктерге каршы өкмөтүнүн Убактылуу Элдик Кеңешинин мүчөсү (5-сүрөт) болуп дайындалган [10, 60].

Түркстан (Кокон) автономиясы Кеңеш бийлигинин аскер күчтөрү тарабынан талкаландан кийин, 1918-жылдын башында Жамшитбек Карабек уулу Кеңеш бийлиги тарабына өткөн. Ал ошол жылы май айында Ош үйөзүнүн революциялык комитетинин административдик бөлүмүн жетектеген, андан соң элдик милиция бөлүмүн башкарган (Мындайча айтканда, Ош областынын ички иштер биринчи башкаруучусу болгон). Жамшитбек Карабек уулу Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында ар дайым европалык аскер командирлердин ортосундагы сүйлөшүүлөрдө агасы Кадырбек Камчыбек уулун тилмеч катары коштоп жүргөн.

чыгарылган доолорго ылайык бир катар советтик аскер кызматкерлери жазыксыз жерден атууга кетишкен же ГУЛагдагы абактарга айдалышкан. Бул кандуу жазалоо жүрүмү Кыргыз ССР индеги аскер кызматкерлерин да жалмап өттү. Кыргыз атчандар (кавалериалык) полкунун кыргыз улутундагы 44 аскер кызматкери “социал-туран партиясынын аскердик бөлүмүнүн” уюштурууга шектелип, жазыксыз жерден атууга кетишкен [11, 67 б.]. Мына ушул күнөөсүз туруп атылган 44 аскер кызматкеринин ичинде биздин эки каарманыбыз да бар эле. 1937-жылы 21-август айында Кадырбек Камчыбек уулу менен Жамшитбек Карабек уулу “антисоветтик ишмердүүлүк” жүргүзгөн деген жалаа боюнча “эл душманы” катары камака алынып, ошол эле жылы экөө тең 1-ноябрда атылган. 1957-жылы 22-январда бул эки чыгаан инсан (өлгөндөн кийин) кайрадан акталышкан (архив №7295) [12.102, 125].

Фергана аймагында жана Кыргызстанда Кеңеш бийлигинин чыңдалышына жана 1924-жылы уюшулган Кара-Кыргыз автоном облусунун (кийинки Кыргыз АССРин) телчигишине ак кызмат кылган



ОТЪ ВРЕМЕННАГО ПРАВИТЕЛЬСТВА
Автономнаго Туркестана

Составъ Временнаго Народнаго Совѣта Автономнаго Туркестана

*5-сүрөт. Түркстан автономиялык өкмөтүнүн Убактылуу Элдик Кеңешинин мүчөсү болуп шайланган (18-катарда турат).*

Жамшитбек Карабек уулу Кеңеш бийлигин куралду күчтөрүнүн -Кызыл армиянын катарында кызмат учурундагы эрдиктери үчүн революциялык орден жана атайын аскердик курал менен сыйланган. Бул бир туган эки тарыхый инсандын туулгандыгы тууралу эки ача маалымат бар. Маселен, советтик окумуштуу А.И.Кунин Кадырбек Камчыбек уулун Алай-Гүлчө болуштугунун Жошолу айылында 1882-жылы туулган деп жазат. Ал эми профессор Болотбек Абдрахманов Кадырбек Камчыбек уулун 1876-жылы туулган, деп санайт жана Жамшитбек Карабек уулун 1875-жылы туулган (архив №7295), деген маалыматты жарыялаган. Демек, алардын өмүр баянындагы актай барактар алиге чейин арбын.

Каардуу репрессия учурунда НКВД тарабынан “тухачевскийдин иши” боюнча делген, “антисоветтик тыңчы” жалаасына кабылган жана башка ойдон

кыргыздын бул эки аксөөк урпагынын өмүр таржымакалына байланыштуу дагы далай маалыматтар мурдагы КГБыначыла элек архивинде саргайып жатышат.

“Тарых жана ата-бабаларыбызды эскерүү күндөрү” биз мурдагы КГБын архивдик кампасын бери дегенде тарыхчы илимпоздор үчүн тоскоолсуз ачуу тууралуу чакырыктарга өз тилектешибизди билдиргибиз келет.

Бул эки тарыхый инсандын жана башка ата-бабаларыбыздын өмүр таржымалын жаңыча үйрөнүүнүн адилетсиз сталиндик репрессиянын тарыхын калыс изилдөө менен эриш-аркак жүргүзүү – заманбап илимий жана жарандык милдет

**Таалайбек ЖАРКЫНБАЕВ,**

ОшМУнун Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын доценти, тарых илимдеринин кандидаты.

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити
**Башкы редактор:**
Каныкей ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Фото кабарчы:** Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №1752

# ЖЫЛАН ЖЫЛ ЖАКШЫЛЫКТЫН ЖЫЛЫ БОЛСУН!



***Урматтуу ОшМУнун кызматкерлери жана студенттери!***

Эски жылды узатып, жаңы жылды тосуп алуу алдында турабыз. 2024-жыл ОшМУ үчүн жакшы жылдардан болду. Окуу жайдын 85 жылдык маарекесин жогорку деңгээлде өткөрүп алдык. Ал эми профсоюз комитети жалпы жамаатыбызга мүмкүнчүлүккө жараша жардам бердик жана колдоо көрсөттүк. Атап айтсак, Ысык-Көл облусунун Түп районундагы "Үмүт" пансионатына капиталдык оңдоо жүргүзүлдү жана жаңы коттеждер салынды. "Ак Буура" эс алуу борбору жаңы имараты, бассейини, ашканасы заманбап шарты менен кайрадан курулду. Жайкы эс алуу мезгилинде жамааттын атынан Ысык-Көлгө 400дөн ашуун кызматкер, ал эми ОшМУнун клиникасында, Жалал-Абад, Мамакеев, Керемет эс алуу санаторияларында 250дөн ашуун кызматкерлер профсоюз комитетинин колдоосу менен барып келишти. Спорттук жана мадиний массалык иш чараларды жана материалдык жардам сурагандарды тынымсыз колдоп бердик.

Жалпыңыздарды 2025-жаны жылыңыздар менен куттуктаймын! Жылан жылы баарыбызга жакшылык, токчулук, молчулук алып келсин. Баарыңыздарга бекем ден соолук, талбаган эмгек, бакубат турмуш каалайм. Жаңырган жыл ар бирибиз үчүн бурулуштардын жылы болсун! Жамаатыбызга ынтымак, ырыскы мол берилип, университетибиз өнүгө берсин!

Абсамат САТТАРОВ,

ОшМУнун профсоюз комитетинин төрагасы,

биология илимдеринин кандидаты, доцент.



*ЭСИМДЕГИ ЖАҢЫ ЖЫЛ*

### *АР БИР ЖАҢЫ ЖЫЛ САБАК ЖАНА САНАТ*

Өкүнткөн күндөрдө ийгилик бар экенин билбеген экем. Балдарды, карыган апамды карабай, илим артынан сая кууп жүргөн учурдагы бир окуя эстен кетпейт. Аны эстегенде азыр да тамагыма ысык жаш келип муунтат.

Эсимде калган жана мага өмүр бою чоң сабак болгон жаңы жыл 1996-жылы болгон. Жыл жаңырар алдында Москвага иш сапарга чыктым. Толугу менен бир айдай жүрүп, 30-декабрга билет алгам. Бирок, аба-ырайына байланыштуу 31-декабрда Андижанга учтук. Мени жолдошум, балдарым менен барып тосуп алышты. Ошол күнү жаңы жылды тосуп, алып келген белектеримди таркатып отуруп калдым.

Саат жебеси 12ден өттү. Жакшы тилек кылып, жайылган дасторконду жыйнап, кагаздарымды жайып иштеп жатсам, 10 жаштагы уулум келип, эркелеп алдыма отуруп алды. Мен ишке берилип кеткенминби, айтор уулума:

"Мага жолтоо болбой, ары ойночу" - деп айттым. Уулум жер карап эле ыйлап кирди "Мени үйгө барганда кучактап отурам деп телефондо айтпадың беле" деди. Көрсө, балдарым мени катуу сагынган экен. Ошол учурду күтүп уктабай отурган уулумдун абалын көрүп, баламдын жол карап күткөнүн элестетип, аны кучактап алып көпкө ыйладым.

Баламды уктатып коюп, бир бөлмөгө камалып алып, жолдошума, карыган апама да көңүл бура албай жатканымды ойлоп абдан ыйлагам. Бул мага бир өмүр бою чоң сабак болду. Андан бери мен айланамдагы жакындарыма убагында көңүл буруууга аракет кылып келе жатам.

Бирок, ошондой күндөрдүн артында ийгиликтердин болушу кишини кубандырат. Мен азыр жакындарыма ыраазымын. Себеби, мени ар дайым колдоп, түшүнүп мамиле кылышты. Мен ар бир жылы жаңы жылды өзгөчө тосконго аракет кылам. Жыл жаңырaарда жакшы тилектеримдин аткарылышын суранам!

Ал эми учурдан пайдаланып, жалпы ОшМУнун жамаатын 2025-жаңы жылы менен куттуктап кетким келет. Жаңы жыл жалпыбызга саламатчылык, амандык, кут-береке, ийгилик жана купуя тилектердин орундалышын камсыздаган жыл болсун.

Куттуу окуу жайыбыздын ардактуу агай-эжекелери жана кызматкерлери, Сиздер менен бирге канча жыл тогошсо да ынтымакта, билек түрүнгөн иштерде биримдикте болуп, жаңы ийгиликтердин чордонунда чогуу туралы! Билим берүү, илим, өндүрүш багытында жетишкендиктерибиз жогорку баскычка чыгып. Жараткан ар бир каалоолорубузду кабыл кылсын.

Гулсара ТУРДУБАЕВА п.и.к., доцент, кадрлар бөлүмүнүн башчысы.




### *2014-ЖЫЛЫ "ЖЫЛДЫН ХЮРЕМИ БОЛГОМ*

Өзгөчө эсимде калган жаңы-жыл – 2014-жылдагы ОшМУнун жамаатынын жаңы-жылдык кечеси болгон. Ал учурда мен окуу-информациялык департаментинде башкы адиси элем. Ошол мезгилдеги окуу жайдын ректору Исаков Каныбек агайыбыз эле. Ал күнү окуу бөлүмүндө жумуш көп болгондуктан майрамдык кече өткөрүлө турган күнү адаттагыдай эле ишимди бүтүрүп, анан кийим дүкөнгө баш багып калдым. Киргенде эле илинип турган көйнөк көзүмө түштү. Алып кийсем эле өзүмө атайын буйрутма менен тиктиргендей ылайыктуу жана жарашыктуу болду. Андан чыгып көйнөккө ылайык чач жасалгасын жасатып, сиңдим белек кылган бижутерияны тагып алдым. Ошентип, майрамдык кече башталып отурсак, ортолоп калганда ошол учурдагы тарбия иштери боюнча проректор Божонов Замирбек "Кеченин саркеч айымы" номинациясына күтүүсүздөн мени чакырып калды. Ордуман туруп басып бара жатканда бир сүрдөгөндүгүмдөн алып баруучу бүгүнкү кечени Хюреми дегенин укпай калыпмын. Эртеси жумушта мени көргөндүн баары эле Хюрем деп тамашага сала баштаганда билдим. Көрсө, кийген көйнөгүм чындыгында ошол учурда сыналгыдан баары көрүп жаткан жаткан түрктөрдүн "Даңазалуу доор" сериалындагы башкы каарман Хюрем Султан айымдын көйнөгүнө окшош экен. Андан бери бир топ жыл өтсө да ал күндү жылмаюу менен эстейм. Учурдан пайдаланып, жалпы ОшМУнун кызматкерлерин жана студенттерди жаңы жылы менен куттуктап, ийгиликтүү жыл болушун тилеп кетем.

Нуржамал КУРБАНБАЕВА, Илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы, доцент.

### *ЭНЕ ЖҮРӨГҮ БААРЫН СЕЗЕТ*



Жаңы жылды келгенде эле бир окуя эске түшөт. Анда мен ОшМУнун 2-курс студенти элем. Экзамендерди эң жакшы баага тапшырып, 31-декабрь күнү айылга жөнөгөм. Ал кезде Лейлекке Өзбекстан, Тажикстан аркылуу икарус каттачу. Жаңы жылга жетип барабыз деп 5-6 студент дегдеп алганбыз. Түн кирип баратса да эч эле жолубуз арбыбай койду. Түнкү 12ге жакын калганда Кайрагачка жеттим. Аялдамага түшүп калып, тегеректи карасам эч ким көрүнбөйт. Аңгыча 12 болду. Суукта калчылдап тоңуп калдым. Алыстан машинанын жарыгы көрүндү. Ким болсо да "алганча кетер" деген ойдо жолго чуркап чыктым. Машина жаныма келип тып токтоду. Ичинен иним чуркап чыгып, унаага отургузду.

Үйгө келе жатып энем "тез бар, Тургунбай келди" деп шаштырганын айтып таң калды. Ошондо баарыбыз энемдин энелик интуициясына таң калып күлгөн элек...

Жаркырап кирип келген жаңы жылыңыздар кут болсун. Мамлекетибизде тынчтык, элибизде ынтымак, ар бир үй-бүлөдө токчулук, молчулук болсун!

Тургунбай АЛДАКУЛОВ,

Журналист.